**Ош мамлекеттик университетининин эл аралык билим берүү программалары колледжинин чет тили бөлүмүнүн отурумунун**
**№ 4 протоколу**

14.11.2023
Ош шаары
Төрайым: Бөлүм башчы Г. А. Рахимбаева.
Катчы: Кеңешбек к Н.
Катышкандар: бөлүмдүн окутуучулары.

**Күн тартиби:**

| | |
|---|---|
| Илимий изилдөө ишинин жылдык эсеп- кысабы | Бөлүм башчысы, ПЦК башчысы, Мамшова Ө. Т. |
| Педагогикалык практиканын жүрүшү | Бөлүм башчысы, ПЦК башчысы, Жумабаева А.Т. |
| Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу иштеринин жүрүшү. | Бөлүм башчысы, ПЦК башчысы, окутуучулар |
| Өз ара сабактарга катышуунун абалы | Бөлүм башчысы, ПЦК башчысы, Мадалиева Э.М. |
| Ар түрдүү маселелер | Бөлүм башчысы, ПЦК башчысы, окутуучулар |

**1-маселе: Илимий изилдөө ишинин жылдык эсеп-кысабы.**

**Угулду:**
Бөлүм башчысы Г. А. Рахимбаева:
Жыл ичинде окутуучулар тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгын талкуулады.
Студенттердин илимий-изилдөө иштерине активдүү катышуусун камсыз кылуу зарылдыгын белгиледи.
Эл аралык жана республикалык конференцияларга катышуу, илимий макалаларды жарыялоо багытында ишти күчөтүү керектигин айтты.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ :**
**ПЦК башчысы Б.К. Жалиев.:** Илимий иштерди өнүктүрүү үчүн окуу-усулдук семинарларды көбөйтүү зарылдыгын белгиледи.
Окутуучулардын илимий макалаларын басып чыгаруу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнү сунуштады.

**Ө.Т.Мамашова**: Быйылкы жыл үчүн илимий иштер боюнча көрсөткүчтөрдү баяндады. Студенттердин изилдөө иштерине болгон кызыгуусун арттыруу үчүн кошумча демилгелерди иштеп чыгуу сунушун билдирди.

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**
1. Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгы кабыл алынсын.
2. Окутуучуларга жана студенттерге илимий ишмердүүлүктү өнүктүрүү үчүн семинарлар уюштурулсун.

Scanned with CamScanner

3. Конференцияларга жана илимий журналдарга макала тапшырууну активдештирүү.

**2-Маселе: Педагогикалык практиканын жүрүшү.**

**Угулду:**
**Бөлүм башчысы Г. А. Рахимбаева:**
Педагогикалык практиканын жүрүшү жана студенттердин даярдыгы боюнча маалымат берди.
Практиканын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн методикалык колдоо күчөтүлүшү керектигин белгиледи.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ : Практика башчысы Жумабаева А.Т:**
Практиканы уюштуруу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштерди баяндады. Практика өтүүчү мектептер менен тыгыз иш алып баруу зарыл экенин айтты.
Практика учурунда студенттердин иш алып баруусуна байкоо жүргүзгөнүн жана кээ бир алсыз жактар бар экенин белгиледи.
Практиканын жүрүшүндө методикалык багыт берүү боюнча кошумча иштер керектигин айтты.

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Педагогикалык практика боюнча жүргүзүлгөн иштер канааттандырарлык деп табылсын.
2. Студенттердин педагогикалык практикада көрсөтүлгүүчү билим деңгээлин жогорулатуу үчүн кошумча семинарлар өткөрүлсүн.
3. Практиканын жыйынтыктары боюнча анализ жүргүзүлүп, тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилсин.

**3-маселе: Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу иштеринин жүрүшү.**

**Угулду:**
**Бөлүм башчысы Г.А. Рахимбаева:**
Студенттердин өз алдынча иштери алардын критикалык ой жүгүртүүсүн жана изилдөө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн маанилүү экенин белгиледи.
Өз алдынча иштерди текшерүү жана баалоо механизмдерин жакшыртуу керектигин айтты.
**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ :** Мыктарбекова А : Өз алдынча иштерди уюштурууда айрым студенттердин жигердүүлүгү төмөн экенин билдирди.
Студенттерге темаларды тандоо боюнча кененирээк көрсөтмөлөр берилиши керектиги айтылды.

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Өз алдынча иштерди уюштуруунун сапатын жогорулатуу боюнча кошумча сунуштар иштелип чыксын.
2. Өз алдынча иштердин натыйжалуулугун баалоо үчүн критерийлер так аныктасын.
3. Студенттердин изилдөө иштерине активдүү катышуусу үчүн мотивациялык иш-чаралар өткөрүлсүн.

**4-маселе: Өз ара сабактарга катышуунун абалы.**

**Угулду:**
**Бөлүм башчысы Г. А. Рахимбаева:**

Scanned with CamScanner

Өз ара сабактарга катышуунун маанилүүлүгүн белгилеп, бул методика окутуучулардын тажрыйба алмашуусу үчүн пайдалуу экенин айтты.

**ПЦК башчысы Жалиев Б:**
Өз ара сабактар боюнча отчеттор берилгенин, бирок катышуучулардын активдүүлүгү жогору болушу керектигин билдирди.
**Жороева А сөзгө чыкты:**
Өз ара сабактар боюнча жүргүзүлгөн анализди баяндады.
Кээ бир сабактарда методикалык жаңычылдыктын жетишсиздигин белгилеп, келечекте бул багытта ишти жакшыртуу сунушун берди.

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Өз ара сабактарга катышууну активдештирүү.
2. Окутуучулардын сабак берүү методдорун жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.
3. Өз ара сабактар боюнча отчетторду өз убагында тапшырууну камсыз кылуу.

**Төрайым: Г. А. Рахимбаева**
**Катчы: Кеңешбек к Н.**

Scanned with CamScanner